КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
АЛАМҮДҮН РАЙОНУ
АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышынын VI кезексиз сессиясы**

**Таш-Дөбө а.** **28-март 2025 ж.**

# ТОКТОМ №25

## Оор жүк ташуучу унаалардын өтүүсүнө чектөө арка коюу жөнүндө

Арашан айылдык кеңешинин депутаты Алымкулов Кемеркул Алымкулович Арашан айылынын Бектенбаев көчөсүнүн тургундарынын оозеки кайрылуусуна байланыштуу Бектенбаев көчөсү менен оор жүк ташуучу унаалардын өтүүсүнө чектөө коюу максатында, себеби, Бектенбаев көчөсү менен оор жүк ташуучу унаалар дачаларды көздөй жүрүп, көчөнүн асфальтын бузуп жатышканына байланыштуу жана жолдун астындагы суу системасынын түтүктөрүнүн бузулушуна жол бербөө үчүн Арашан айылдык кеңешинин депутаттарына кайрылып, талкуулап жана сын-пикир менен бөлүшүп

**Арашан айылдык кеңешини**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Арашан айылындагы Бектенбаев көчөсүнүн кире беришине оор жүк ташуучу унааларды каттоого чектөө коюу максатында чектөөчү арка орнотулсун.
2. Оор жүк ташуучу унаалар дачаларга алып баруучу альтернативалык жол менен каттасын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Курманбаев**